КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I -чакырылышынын XII-кезектеги сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

2026-жылдын 06-апрель **№28** Барскоон айылы

**Жергиликтүү бюджеттен социалдык жактан муктаж жарандарга акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 29-беренесине ылайык, Барскоон айылынын тургундары Ж.Эшимовага, М.Кокчоевге, Тосор айылынын тургуну Ж.Мамбетовго акча каражатынан жардам берүүсү тууралуу кайрылууларын карап, социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын корутундусунун негизинде Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Барскоон айыл аймагынын төмөндөгү тургундарына материалдык жардам катары акча каражаты бөлүнүп берилсин:
   - Ж.Эшимованын үйүн ремонттоого – 40 000 (кырк миң) сом;
   - М.Кокчоевдин дарылануусуна – 40 000 (кырк миң) сом;
   - Ж.Мамбетовдун дарылануусуна - 40 000 (кырк миң) сом;
2. Барскоон айыл өкмөт башчысы А.С.Калыков айыл өкмөтүнүн резервдик фондунан жалпы 120 000 (бир жүз жыйырма миң) сом өлчөмүндө акча каражатын бөлүп берүүнү уюштурсун.
3. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Барскоон айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
4. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.
5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы финансы-экономикалык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Букаровго жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы А.Сейтканга тапшырылсын.

**Төрага** **Ч.А.Ажыбеков**

---

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска